# Финансылык отчеттун эл аралык стандарты (IAS) 21 «Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири»

## Максаты

1 Ишкана валюталык операцияларды төмөнкүдөй эки ыкма менен жүзөгө ашыра алат: чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүү же чет өлкөлүк бөлүмгө ээлик кылуу. Мындан тышкары, ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун чет өлкөлүк валютада көрсөтө алат. Ушул стандарттын максаты – чет өлкөлүк валютадагы операцияларды жана ишкананын финансылык отчеттуулугунда чет өлкөлүк бөлүмдүн ишмердүүлүгүн кандай түрдө чагылдыруу керектигин жана финансылык отчеттуулукту отчеттуулук тапшырылуучу валютага кантип кайра эсептөө керектигин аныктоо.

2 Мындагы негизги маселелер: кандай алмашуу курсун (кандай курстарды) колдонуу жана финансылык отчеттуулукта алмашуу курстарынын өзгөрүүлөрүнүн таасирин кандай түрдө чагылдыруу керек.

## Колдонуу чөйрөсү

**3 Ушул стандарт төмөнкүдөй колдонулат:[1]**

**(a) «*Финансылык инструменттер*» ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирген туунду инструменттер жана алардын калдыктары боюнча операцияларды кошпогондо, чет өлкөлүк валюталарда көрсөтүлгөн операцияларды жана операциялар боюнча калдыктарды эсепке алуу үчүн;**

**(b) консолидациялоо жолу менен жана үлүштүк катышуу методун колдонуу аркылуу ишкананын финансылык отчеттуулугуна киргизилген чет өлкөлүк ишканалардын натыйжаларын жана финансылык абалын кайра эсептөө үчүн; жана**

**(c) ишкананын ишинин натыйжаларын жана анын финансылык абалын отчеттуулукту тапшыруу валютасына кайра эсептеген учурда.**

4 Чет өлкөлүк валютадагы көпчүлүк туунду инструменттерге карата ФОЭС (IFRS) 9 колдонулат жана тиешелүү түрдө мындай инструменттер ушул стандарт колдонулуучу чөйрөдөн алып салынган. Бирок ФОЭС (IFRS) 9дун күчү жайылтылуучу чет өлкөлүк валютадагы туунду инструменттер (мисалы, башка келишимдерге киргизилген чет өлкөлүк валютадагы айрым туунду инструменттер) ушул стандарт колдонулуучу чөйрөгө кирет. Мындан тышкары, ушул стандарт ишкана өзүнүн колдонуудагы валютасынан туунду инструменттерге таандык болгон суммаларды отчеттуулукту тапшыруу валютасына кайра эсептеген учурларда колдонулат.

5 5. Ушул стандарт чет өлкөлүк валюталык объектилер жагынан хеджирлөөнү эсепке алууга карата, таза инвестицияны чет өлкөлүк бөлүмгө хеджирлөөгө карата колдонулбайт. Хеджирлөөнү эсепке алуу үчүн ФОЭС (IFRS) 9 колдонулат.

6 Ушул стандарт ишкананын отчеттуулугун чет өлкөлүк валютада тапшыруу үчүн колдонулат жана аларды сактаган учурда алынган финансылык отчеттуулук Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык келе турган талаптарды белгилейт. Ушул стандарт ошондой эле бул талаптарды сактабастан финансылык

[1] Ошондой эле "Еврону киргизүү" ТТК (SIC) 7ни караңыз

© ФОЭС Фонду

маалыматты чет өлкөлүк валютага кайра эсептеген учурда ачып көрсөтүлүүгө тийиш болгон маалыматты аныктайт.

7 Ушул стандарт чет өлкөлүк валютадагы операциялардын натыйжасында, ошондой эле чет өлкөлүк бөлүмдүн акча каражаттарынын агымдарын которуу учурунда келип чыккан акча агымдары акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетту (*«Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет»* ФОЭС (IAS) 7ни караңыз) берүү учурунда колдонулбайт.

## Аныктамалар

**8 Ушул стандартта көрсөтүлгөн маанилердеги төмөнкүдөй терминдер колдонулат:**

***Отчеттук күнгө карата курс*** **– отчеттук мезгилдин аягына карата учурдагы алмашуу курсу.**

***Курстук айырма*** **– валюталардын ар түрдүү алмашуу курстарын пайдалануу менен бир валютадагы айрым сандагы бирдиктерди башка валютага кайра эсептөө учурунда келип чыккан айырма.**

***Валюталардын алмашуу курсу*** **– бир валютаны башкасына алмаштыруу учурундагы катыш.**

***Адилет нарк*** **– бул баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда демейки операцияны жүргүзүү учурунда активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа. (*«Адилет нарктын баалоо»* ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз).**

***Чет өлкөлүк валюта*** **– ишкананын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валюта.**

***Чет өлкөлүк бөлүм*** **– туунду, ассоциацияланган, биргелешкен ишкана болуп саналган ишкана же болбосо ишмердүүлүгү отчет берүүчү ишкананын өлкөсүнөн же валютасынан айырмаланган өлкөдө же валютада негизделген же жүзөгө ашырылып жаткан отчет берүүчү ишкананын бөлүмү.**

***Колдонуудагы валюта*** **– ишкана операцияларын жүргүзгөн негизги экономикалык чөйрөнүн валютасы.**

***Топ*** **– башкы ишкана жана анын бардык туунду ишканалары.**

***Акча беренелери*** **– накталай валюта бирдиги жана бекитилген же аныкталган сандагы валюта бирдигинде алынуучу жана төлөнүүчү активдер жана милдеттенмелер.**

***Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялар*** **– отчет берүүчү ишкананын бул операциянын таза активдериндеги үлүшүнүн суммасы.**

***Отчеттуулукту тапшыруу валютасы*** **- финансылык отчеттуулук тапшырылган валюта.**

***Учурдагы алмашуу курсу*** **– тез арада берүү учурундагы валюталардын алмашуу курсу.**

### Аныктамаларды андан ары тактоо

**Колдонуудагы валюта**

9 Ишкана өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып жаткан негизги экономикалык чөйрө – ал өзүнүн акча каражаттарынын негизги бөлүгүн иштеп таап жана колдонуп жаткан экономикалык чөйрө. Өзүнүн колдонуудагы валютасын аныктоо учурунда ишкана төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш:

(a) төмөнкүдөй валютаны:

(i) товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баарынан көп таасир эткен (көп учурда ушундай валюта болуп ал өндүргөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу үчүн баалар белгиленген жана эсептешүүлөр жүргүзүлгөн валюта саналат); жана

(ii) атаандашуу шарттары жана ченемдик базасы негизинен товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө сатуу бааларын аныктаган өлкөлөрдү.

(b) негизинен эмгек акыга, материалдарга жана ишкананын товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү бериши менен байланышкан башка чыгымдарын аныктаган валютаны (көп учурда ушундай валюта болуп мындай чыгымдар аны менен аныкталган жана эсептешүүлөр аны менен жүргүзүлгөн валюталар саналат).

10 Колдонуудагы валютаны аныктоону ырастоо үчүн ошондой эле төмөнкүдөй факторлор колдонулушу мүмкүн:

(a) каржылоо ишмердүүлүгүнөн (мисалы, карыздык жана үлүштүк инструменттердин эмиссиясынан) келип түшкөн каражаттардын валютасы.

(b) операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн акча каражаттары анда сакталып турган валюта.

11 Чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасын жана ал отчет берүүчү ишкананын (бул контекстте отчет берүүчү ишкана – бул туунду ишкана, филиал, ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкердик түрүндөгү чет өлкөлүк бөлүмү бар ишкана) колдонуудагы валютасына дал келээрин же жоктугун аныктоо учурунда төмөнкүдөй кошумча факторлорду эске алуу керек:

(a) чет өлкөлүк бөлүм отчет берүүчү ишкананы кеңейтүү гана болуп саналабы же болбосо ал кыйла даражадагы өз алдынчалык менен жүзөгө ашырылып жатабы. Чет өлкөлүк бөлүм отчет берүүчү ишканадан импорттолгон товарларды сатууну жана түшкөн кирешелерди ага которууну гана жүзөгө ашырып жаткан учур отчет берүүчү ишкананын операцияларын кеңейтүүнүн мисалы боло алат. Чет өлкөлүк бөлүм акча каражаттарын жана башка акчалай беренелерди топтоо, чыгашаларды көтөрүү, кирешелерди алуу жана негизинен жергиликтүү валютадагы зайым каражаттарын тартуу менен байланышкан учур кыйла даражада өз алдынча ишмердүүлүктүн мисалы боло алат.

(b) отчет берүүчү ишкана менен операциялардын көлөмү чет өлкөлүк бөлүмдүн жалпы көлөмүндө чоң (же чакан) бөлүктү билдиреби.

(c) чет өлкөлүк бөлүмдүн акча каражаттарынын агымдары отчет берүүчү ишкананын акча каражаттарынын агымдарына таасир этеби, ошондой эле отчет берүүчү ишкананын пайдасына которулууга тийиш болгон акча каражаттары колдо барбы.

(d) отчет берүүчү ишкананын каражаттарын тартпастан учурдагы жана негиздүү күтүлүп жаткан карыз милдеттенмелерин тейлөө үчүн чет өлкөлүк бөлүмдүн акча каражаттарынын агымдары жетиштүүбү.

12 Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн көрсөткүчтөр бир жактуу тыянак чыгарууга жана колдонуудагы валютаны тандоого мүмкүндүк бербей тургандыгы айкын болбосо, ишкананын жетекчилиги өзүнүн ой жүгүртүүсүнүн негизинде тиешелүү операциялардын, окуялардын жана жагдайлардын экономикалык натыйжалары алда канча акыйкат чагылдыра турган колдонуудагы валютаны аныктайт. Бул ыкманы колдонууда жетекчилик артыкчылыктуу катары 9-пунктта келтирилген алгачкы көрсөткүчтөрдү жана ошондон кийин гана 10 жана 11-пункттарда көрсөтүлгөн көрсөткүчтөрдү карайт, алар ишкананын колдонуудагы валютасын аныктоодо кошумча негиздемелерди берүүгө арналган.

13 Ишкананын колдонуудагы валютасы ишканага таандык болгон операцияларды, окуяларды жана жагдайларды чагылдырат. Ошентип, аныктагандан кийин колдонуудагы валюта өзгөрүүсүз калат, базалык операцияларда, окуяларда жана жагдайларда өзгөрүүлөр пайда болгон учурлар кирбейт.

14 Эгерде колдонуудагы валюта гиперинфляциялык экономиканын валютасы болуп саналса, ишкананын финансылык отчеттуулугу *«Гиперинфляциялык экономикадагы финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 29га ылайык которулат. Ишкана ушул стандартка ылайык аныкталган колдонуудагы валютадан айырмаланган кандайдыр-бир валютаны колдонуудагы валюта (мисалы, башкы ишкананын колдонуудагы валютасы) катары кабыл алып, ФОЭС (IAS) 29га ылайык кайра эсептөөнү болтурбай кое албайт.

**Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялар**

15 Ишканада чет өлкөлүк бөлүмдөн алууга акчалай актив же чет өлкөлүк бөлүмгө төлөөгө акчалай милдеттенме болушу мүмкүн. Жакынкы келечекте төлөнүшү пландаштырылбаган жана, кыязы, болуп өтпөй турган акчалай берене иш жүзүндө чет өлкөлүк бөлүмгө салынган ишкананын таза инвестицияларынын бир бөлүгү болуп саналат жана 32 жана 33-пункттарга ылайык эске алынат. Ушундай акча беренелерине узак мөөнөттүү дебитордук карыздар жана зайымдар кириши мүмкүн. Аларга соода боюнча дебитордук жана кредитордук карыздар кирбейт.

15A Топтун ар кандай туунду ишканасы 15-пунктта сыпатталган чет өлкөлүк бөлүмдөн алууга же чет өлкөлүк бөлүмгө төлөөгө акча беренеси бар ишкана болушу мүмкүн. Мисалы, ишканада эки: А жана В туунду ишканалары бар. В туунду ишканасы чет өлкөлүк бөлүм болуп саналат. А туунду ишканасы В туунду ишканасына зайым берет. Эгерде жакынкы келечекте зайымды төлөө пландаштырылбаса жана, кыязы, болуп өтпөй турган болсо, А туунду ишканасы В туунду ишканасына берген зайым боюнча карыз ишкананын туунду ишканага таза инвестициясынын курамында чагылдырылат. Бул А туунду ишканасы чет өлкөлүк бөлүм болуп саналган учурда да адилеттүү болот.

**Акча беренелери**

16 Белгиленген же аныкталган сандагы валюта бирдиктерин алууга укугу (же берүү милдеттенмеси) акча беренесинин олуттуу мүнөздөмөсү болуп саналат. Акча беренелеринин мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат: пенсиялар жана акча каражаттары түрүндө төлөнүүгө тийиш болгон кызматкерлерге башка сыйакылар, акча каражаттары менен төлөнүүгө тийиш болгон резервдер, ошондой эле акча каражаттары менен төлөнүүгө тийиш болгон жана милдеттенме катарында таанылган дивиденддер. Ушундай эле түрдө,

© ФОЭС Фонду

ишкананын өзгөрүлмө сандагы өзүнүн үлүштүк инструменттерин же өзгөрүлмө сандагы активдерди алуу (же берүү) жөнүндө келишим акча беренеси болуп саналат, активдерге карата алынууга (же берилүүгө) тийиш болгон адилет нарк белгиленген же аныкталган сандагы валюталык бирдиктерге барабар. Тескерисинче, белгиленген же аныкталган сандагы валюталык бирдиктерди алуу укугунун (же берүү милдеттенмесинин) жоктугу акчалай эмес берененин олуттуу мүнөздөмөсү болуп саналат. Акчалай эмес беренелердин мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат: товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн аванстык төлөмдөрдүн суммалары (мисалы, ижара боюнча алдын ала төлөө), гудвилл, материалдык эмес активдер, запастар, негизги каражаттар жана эсептик милдеттенмелер, алар боюнча эсептешүү акчалай эмес активди берүү жолу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

## Ушул стандарт тарабынан сунушталган ыкманын кыскача баяндамасы

17 Финансылык отчеттуулукту даярдоо учурунда ар бир ишкана – өз алдынча ишкана, чет өлкөлүк бөлүмү бар ишкана (мисалы, башкы ишкана) же чет өлкөлүк бөлүм (мисалы, туунду ишкана же өкүлчүлүк) – 9 - 14-пункттарга ылайык өзүнүн колдонуудагы валютасын аныктайт. Ишкана чет өлкөлүк валютадагы беренелерди өзүнүн колдонуудагы валютасына кайра эсептейт жана ушундай кайра эсептөөнүн натыйжаларын 20 - 37 жана 50-пункттарга ылайык чагылдырат.

18 Отчет берүүчү көпчүлүк ишканалар бир катар өзүнчө ишканаларды билдирет (мисалы, топ башкы ишканадан жана бир же бир нече туунду ишканалардан турат). Топтун курамына киргендигине же жоктугуна карабастан бардык түрлөрдөгү ишканаларда ассоциацияланган ишканаларга же биргелешкен ишкердикке инвестициялары болушу мүмкүн. Аларда ошондой эле филиалдар болушу мүмкүн. Отчет берүүчү ишканага кирген ар бир ишкананын ишинин натыйжаларын жана финансылык абалын отчет берүүчү ишкана өзүнүн финансылык отчетун берип жаткан валютага которуу зарыл. Ушул стандарт ар кандай валютаны (же валюталарды) отчет берүүчү ишкананын отчеттуулукту тапшыруу валютасы катары кабыл алууга мүмкүндүк берет. Колдонуудагы валютасы отчеттуулукту тапшыруу валютасынан айырмаланган отчет берүүчү ишкананын курамындагы ар бир ишкананын ишинин натыйжалары жана финансылык абалы 38 – 50-пункттарга ылайык кайра эсептелет.

19 Ушул стандарт ошондой эле финансылык отчеттуулукту даярдап жаткан өз алдынча ишканаларга же *«Өзүнчө финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 27ге ылайык өзүнчө финансылык отчеттуулукту даярдап жаткан ишканаларга өзүнүн финансылык отчеттуулугун ар кандай валютада (же валюталарда) тапшырууга мүмкүндүк берет. Эгерде ишкана отчеттуулукту тапшырып жаткан валюта колдонуудагы валютадан айырмаланса, анын ишинин натыйжалары жана финансылык абалы да 38 – 50-пункттарга ылайык отчеттуулукту тапшыруу валютасына кайра эсептелет.

## Чет өлкөлүк валюталардагы операцияларды колдонуудагы валютада чагылдыруу

### Баштапкы таануу

20 Чет өлкөлүк валютадагы операция – бул чет өлкөлүк валютада жүргүзүлгөн же чет өлкөлүк валютада эсептешүүнү болжолдогон операция, анын ичинде ишкана төмөнкүдөй учурда жүргүзгөн операциялар:

(a) баалары чет өлкөлүк валютада белгиленген товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда же сатууда;

(b) эгерде төлөнүүгө же алынууга тийиш болгон суммалар чет өлкөлүк валютада белгиленген болсо, зайымда же каражаттарды берүүдө; же

(c) чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн активдердин башка түшүүсүндө же чыгып калуусунда жана милдеттенмелерди кабыл алууда.

**21 Баштапкы таануу учурунда чет өлкөлүк валютадагы операция чет өлкөлүк валютадагы суммага карата операция күнүнө карата абал боюнча колдонуудагы валютага чет өлкөлүк валютанын учурдагы алмашуу курсун колдонуу менен колдонуудагы валютада эске алат.**

22 Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык операцияны таануу критерийлери алгачкы жолу аткарылган күн операциянын күнү болуп саналат. Практикада көп учурда операциянын күнүнө карата иш жүзүндөгү курска болжол менен барабар болгон алмашуу курсу колдонулат: мисалы, бир жумадагы же бир айдагы алмашуу курсу тиешелүү мезгилдин ичинде жүзөгө ашырылган бардык чет өлкөлүк валюталардагы бардык операцияларга колдонулушу мүмкүн. Бирок, эгерде валюталардын алмашуу курсу олуттуу өзгөрүп турса, мезгил үчүн орточо курсту колдонуу максатка ылайыксыз.

## Кийинки отчеттук мезгилдер аяктаган күнгө карата отчеттуулукта чагылдыруу

**23 Ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата:**

**(a) чет өлкөлүк валютадагы акча беренелери отчеттук күнгө карата курс боюнча кайра эсептелет;**

**(b) баштапкы наркы боюнча чет өлкөлүк валютада бааланган акчалай эмес беренелер операция күнүнө карата валютанын алмашуу курсу боюнча кайра эсептелет; жана**

**(c) адилет нарк боюнча чет өлкөлүк валютада бааланган акчалай эмес беренелер адилет наркты баалоо күнүнө карата алмашуу курсу боюнча которулат.**

24 Берененин баланстык наркы колдонулуучу башка стандарттардын талаптарын эске алуу менен аныкталат. Мисалы, негизги каражаттар *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16га ылайык адилет нарк боюнча  же башиапкы нарк боюнча бааланышы мүмкүн. Баланстык нарк кандай түрдө аныкталганына карабастан – адилет наркка таянып же баштапкы нарктын негизинде – эгерде сумма чет өлкөлүк валютада алынган болсо, аны андан ары ушул стандартка ылайык колдонуудагы валютага кайра эсептөө керек.

25 Айрым беренелердин баланстык наркы эки же андан ашык суммаларды салыштыруу аркылуу аныкталат. Мисалы, *«Запастар»* ФОЭС (IAS) 2ге ылайык эки сумманын алда канча азы – өздүк нарк же сатуунун мүмкүн болгон таза наркы – запастардын баланстык наркы болуп саналат. Ушундай эле түрдө, *«Активдердин наркынын түшүшү»* ФОЭС (IAS) 36га ылайык ал үчүн нарктын түшүшүнүн белгилери бар болгон активдин баланстык наркы төмөнкүдөй суммалардын эң азына: нарктын түшүшүнөн ыктымалдуу зыяндарды эсепке алганга чейин анын баланстык наркына же анын орду толтурулуучу наркына барабар болууга тийиш. Эгерде ушундай актив акчалай эмес болуп саналса жана чет

© ФОЭС Фонду

өлкөлүк валютада бааланса, анын баланстык наркы төмөнкүлөрдү салыштыруу аркылуу аныкталат:

(a) бул сумманы аныктоо күнүнө карата (башкача айтканда, баштапкы нарк боюнча баалануучу берене үчүн бул операциянын күнүнө карата курс болот) валюталардын алмашуу курсу боюнча кайра эсептелген өздүк наркты же баланстык наркты (конкреттүү учурга жараша); жана

(b) бул наркты аныктоо күнүнө карата алмашуу курсу боюнча (б.а. отчеттук мезгилдин аягына карата курс боюнча) кайра эсептелген сатуунун мүмкүн болгон таза баасын же орду толтурулуучу наркты (конкреттүү учурга жараша).

Ушундай салыштыруунун натыйжасында нарктын түшүшүнөн тартылган зыян колдонуудагы валютада таанылган, бирок чет өлкөлүк валютада таанылбаган кырдаал келип чыгышы же тескерисинче болушу мүмкүн.

26 Валюталардын бир нече алмашуу курстары болгон учурда ал боюнча эсептешүүлөр ушул операция менен же ушундай операция боюнча калдык менен байланышкан акча каражаттарынын келечектеги агымдары боюнча эсептешүүлөр, эгерде акча каражаттарынын ушундай агымдары наркты аныктоо күнүнө карата келип чыккан болсо, жүргүзүлүшү мүмкүн болгон алмашуу курсу колдонулат. Эгерде бир валютаны башкасына алмаштырууга убактылуу мүмкүн болбосо, алмашууну аткарууга боло турган биринчи эле курсту колдонуу керек.

## Курстук айырмаларды таануу

27 3(a) жана 5-пункттарда көрсөтүлгөндөй, чет өлкөлүк валютадагы беренелерди хеджирлөө үчүн ФОЭС (IFRS) 9 колдонулат. Хеджирлөө эсепке алуусун колдонуу ишканадан ушул стандарт талап кылган курстук айырмаларга карата ыкмадан айырмаланган ыкманы пайдалануу менен айрым курстук айырмаларды эске алууну талап кылат. Мисалы, ФОЭС (IFRS) 9 акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө инструменттерине коюлуучу талаптарга жооп берген акча беренелери боюнча курстук айырмалар, эгерде хеджирлөө натыйжалуу болсо, адегенде башка жыйынды кирешенин курамында таанылышын талап кылат.

**28 32-пунктта сыпатталган учурларды кошпогондо, акча беренелери боюнча эсептешүүлөрдүн учурунда же мезгил ичинде же мурдагы финансылык отчеттуулуктун учурунда баштапкы таанууда алар боюнча кайра эсептелген курстардан айырмаланган курстар боюнча акча беренелерин кайра эсептөө учурунда келип чыккан курстук айырмалар алар келип чыккан мезгилдеги пайдаларда же зыяндарда таанылат.**

29 Эгерде акча беренелери чет өлкөлүк валютадагы операциялардын натыйжасында келип чыкса жана алмашуу курсу операцияны жүргүзүү күнүнүн жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү күнүнүн ортосунда өзгөрсө, курстук айырма келип чыгат. Эгерде операция боюнча эсептешүү операция жүргүзүлгөн эсептик мезгилде болуп өтсө, бүткүл курстук айырма ушул мезгилде таанылат. Бирок эгерде операция боюнча эсептешүү кийинки эсептик мезгилде болуп өтсө, эсептешүү күнүнө чейинки мезгилдердин ар биринде таанылган курстук айырма мезгилдердин ар биринде валюталардын алмашуу курстарынын өзгөрүшү менен аныкталат.

© ФОЭС Фонду

**30** **Эгерде акчалай эмес беренеден пайда же зыян башка жыйынды кирешенин курамында таанылса, ушундай пайданын же зыяндын ар бир валюталык компоненти ошондой эле башка жыйынды кирешенин курамында таанылат. Тескерисинче, эгерде акчалай эмес беренеден пайда же зыян пайданын же зыяндын курамында таанылса, ушундай пайданын же зыяндын ар бир валюталык компоненти ошондой эле пайданын же зыяндын курамында таанылат.**

31 Башка ФОЭСтер айрым башка кирешелер жана зыяндар башка жыйынды кирешенин курамында таанылышын талап кылат. Мисалы, ФОЭС (IAS) 16 негизги каражаттарды кайталап баалоо учурунда келип чыккан айрым башка кирешелер жана зыяндар башка жыйынды кирешенин курамында таанылышын талап кылат. Эгерде ушундай актив чет өлкөлүк валютада бааланса, ушул стандарттын 23(c)-пункту кайталап баалоодон кийинки сумма нарк аныкталган күнгө карата алмашуу курсу боюнча кайра эсептелишин белгилейт, бул ошондой эле башка жыйынды кирешенин курамында таанылуучу курстук айырмага алып келет.

32 **Отчет берүүчү ишкананын чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициясынын бир бөлүгүн түзгөн акча беренесине байланыштуу келип чыккан курстук айырмалар (15-пунктту караңыз), отчет берүүчү ишкананын өзүнчө финансылык отчеттуулугунда же чет өлкөлүк бөлүмдүн өзүнчө финансылык отчеттуулугунда пайданын же зыяндын курамында таанылат (конкреттүү учурга жараша). Чет өлкөлүк бөлүмдү жана отчет берүүчү ишкананы камтыган финансылык отчеттуулукта (мисалы, эгерде чет өлкөлүк ишкана туунду ишкана болуп саналса, бириктирилген финансылык отчеттуулукта) ушундай курстук айырмалар адегенде башка жыйынды кирешенин курамында таанылат жана 48-пунктка ылайык таза инвестиция чыгып калгандан кийин капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланат.**

33 Эгерде акча беренеси отчет берүүчү ишкананын чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициясынын компоненти болуп саналса жана отчет берүүчү ишкананын колдонуудагы валютасында көрсөтүлсө, чет өлкөлүк бөлүмдүн жекече финансылык отчеттуулугунда 28-пунктка ылайык курстук айырма келип чыгат. Эгерде ушундай берене чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасында көрсөтүлсө, курстук айырма 28-пунктка ылайык отчет берүүчү ишкананын өзүнчө финансылык отчеттуулугунда келип чыгат. Эгерде ушундай берене отчет берүүчү ишкананын, ошондой эле чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада көрсөтүлсө, курстук айырма 28-пунктка ылайык отчет берүүчү ишкананын өзүнчө финансылык отчеттуулугунда да, чет өлкөлүк бөлүмдүн жекече финансылык отчеттуулугунда да келип чыгат. Ушундай курстук айырма финансылык отчеттуулукта башка жыйынды кирешенин курамында таанылат, ал чет өлкөлүк бөлүмдү жана отчет берүүчү ишкананы камтыйт (башкача айтканда, финансылык отчеттуулук, анда чет өлкөлүк бөлүмдүн отчеттуулугу бириктирилет жана үлүштүк катышуу методун пайдалануу менен эске алынат).

34 Эгерде ишкана өзүнүн эсебин анын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада жүргүзсө, финансылык отчеттуулукту даярдоо учуруна карата бардык суммалар 20 – 26-пункттарга ылайык колдонуудагы валютага кайра эсептелет. Бул, эгерде тиешелүү беренелер башынан эле колдонуудагы валютада эсепке алынган болсо, алына турган суммаларды колдонуудагы валютада алууга мүмкүндүк берет. Мисалы, акча беренелери отчеттук күнгө карата курсту пайдалануу менен колдонуудагы валютага кайра эсептелет, ал эми баштапкы нарк боюнча эсепке алынуучу акчалай эмес беренелер анын

© ФОЭС Фонду

натыйжасында алар таанылган операциянын күнүнө карата валюталардын алмашуу курсу боюнча кайра эсептелет.

### Колдонуудагы валютанын өзгөрүшү

35 **Колдонуудагы валюта өзгөргөн учурда ишкана жаңы колдонуудагы валюта менен байланышкан кайра эсептөө жол-жоболорун ушундай өзгөртүү күнүнөн тартып перспективдүү колдонот.**

36 13-пунктта көрсөтүлгөндөй, ишкананын колдонуудагы валютасы ишканага тиешелүү базалык операцияларды, окуяларды жана жагдайларды чагылдырат. Ошентип, колдонуудагы валюта аныкталгандан кийин аны ушундай базалык операцияларда, окуяларда жана жагдайларда өзгөртүүлөр пайда болгондо гана өзгөртүүгө болот. Мисалы, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө сатуу баасына негизги таасир көрсөтүп жаткан валютанын өзгөрүшү ишкананын колдонуудагы валютасынын өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн.

37 Колдонуудагы валютанын өзгөрүшүнүн таасири перспективдүү эсепке алынат. Башка сөз менен айтканда, ишкана бардык беренелерди алмашуу курсу боюнча колдонуудагы валютага өзгөрүү күнүнөн тартып кайра эсептейт. Ушундай кайра эсептөөнүн натыйжасында алынган акчалай эмес беренелердин наркы алардын баштапкы наркы деп эсептелет. Чет өлкөлүк бөлүмдү кайра эсептөө учурунда келип чыккан жана адегенде 32 жана 39(с)-пункттарга ылайык башка жыйынды кирешенин курамында таанылган курстук айырмалар чет өлкөлүк бөлүм чыгып калганга чейин пайданын же зыяндын курамында таанылбайт.

## Колдонуудагы валютадан айырмаланган тапшыруу валютасын пайдалануу

### Тапшыруу валютасына кайра эсептөө

38 Ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун каалаган валютада (валюталарда) тапшыра алат. Эгерде тапшыруу валютасы ишкананын колдонуудагы валютасынан айырмаланса, ал өз ишинин натыйжаларын жана финансылык абалын тапшыруу валютасына кайра эсептейт. Мисалы, эгерде топтун курамына ар түрдүү колдонуудагы валюталары бар ишканалар кирсе, алардын ар биринин ишинин натыйжалары жана финансылык абалы бириктирилген финансылык отчеттуулукту берүү мүмкүн болушу үчүн бирдиктүү валютада көрсөтүлөт.

39 **Колдонуудагы валютасы гиперинфляциялык экономиканын валютасы болуп саналбаган ишкананын ишинин натыйжалары жана финансылык абалы төмөнкүдөй жол-жоболорду пайдалануу менен башка тапшыруу валютасына кайра эсептелет:**

**(a) финансылык абал жөнүндө көрсөтүлгөн отчеттордун ар бириндеги активдер жана милдеттенмелер (башкача айтканда, анын ичинде салыштырмалуу маалыматтар) финансылык абал жөнүндө отчет күнүнө – отчеттук күнгө карата курс боюнча кайра эсептелет;**

**(b) пайданы же зыянды билдирген ар бир отчет үчүн кирешелер жана чыгашалар жана башка жыйынды киреше (башкача айтканда, анын ичинде салыштырмалуу маалыматтар) тиешелүү операциялардын күнүнө карата валюталардын алмашуу курстары боюнча кайра эсептелет; жана**

**(c) кайра эсептөөнүн натыйжасында келип чыккан бардык курстук айырмалар башка жыйынды кирешенин курамында таанылат.**

40 Кирешелер жана чыгашалар беренелерин кайра эсептөөнүн практикасында көп учурда валюталардын алмашуу курсу колдонулат, ал болжол менен операциянын күнүнө карата иш жүзүндөгү курска барабар: мисалы, мезгил ичиндеги орточо курс. Бирок, эгерде валюталардын алмашуу курсу олуттуу өзгөрүп турса, мезгил ичиндеги орточо курсту колдонуу максатка ылайыксыз.

41 39(c)-пунктта эске алынган курстук айырмалар төмөнкүлөрдүн натыйжасы болуп саналат:

(a) кирешелерди жана чыгашаларды операциялардын күнүнө карата валюталардын алмашуу курстары боюнча кайра эсептөөнүн жана активдер менен милдеттенмелерди отчеттук күнгө карата курс боюнча кайра эсептөөнүн;

(b) таза активдердин кириш суммаларын мурдагы отчеттук күнгө карата курстан айырмаланган отчеттук күнгө карата курс боюнча кайра эсептөөнүн.

Бул курстук айырмалар пайда жана зыян жөнүндө отчетто таанылбайт, анткени валюталардын алмашуу курстарынын өзгөрүүлөрү операциялык ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын учурдагы жана келечектеги агымдарына болор-болбос гана түздөн-түз таасир этет (же эч кандай таасир этпейт). Курстук айырмалардын топтолгон суммасы чет өлкөлүк бөлүм чыгып калганга чейин капиталдын өзүнчө компонентинде көрсөтүлөт. Эгерде курстук айырма бириктирилген чет өлкөлүк бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү болсо, бирок толук менчикте турбаса, кайра эсептөө учурунда келип чыккан жана кармоочулардын контролдонбоочу үлүшүнө таандык топтолгон курстук айырмалар эсептелип чыгат жана контролдонбоочу үлүштүн компоненти катары финансылык абал жөнүндө бириктирилген отчетто таанылат.

**42 Колдонуудагы валютасы гиперинфляциялык экономиканын валютасы болуп саналган ишкананын ишинин натыйжалары жана финансылык абалы төмөнкүдөй жол-жоболорду пайдалануу менен башка тапшыруу валютасына кайра эсептелет:**

**(a) бардык суммалар (башкача айтканда, активдер, милдеттенмелер, капиталдын беренелери, кирешелер жана чыгашалар, анын ичинде салыштырмалуу маалыматтар) финансылык абал жөнүндө учурдагы отчеттун күнүнө - отчеттук күнгө карата курс боюнча кайра эсептелет, төмөнкүлөрдөн тышкары:**

**(b) эгерде суммалар гиперинфляциялык экономиканын валютасы болуп саналбаган валютага кайра эсептелсе, өткөн жыл үчүн тиешелүү финансылык отчеттуулукта үстүдөгү жыл үчүн маалыматтар катары көрсөтүлгөн маалыматтар салыштырмалуу маалымат катары колдонулат (башкача айтканда, баалардын деңгээлинин кийинки өзгөрүүлөрүн же валюталардын алмашуу курстарын оңдоп-түзөбөстөн).**

**43 Эгерде ишкананын колдонуудагы валютасы гиперинфляциялык экономиканын валютасы болуп саналса, 42-пунктта сыпатталгандай кайра эсептөө методун колдонуудан мурда ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун ФОЭС (IAS) 29га ылайык кайра эсептөөгө тийиш; кийинкиси гиперинфляциялык болуп саналбаган экономиканын валютасына кайра эсептелген салыштырмалуу маалыматтарга кирбейт (42(b)-пунктту караңыз). Эгерде экономика гиперинфляциялык болбой калса жана ишкана андан ары өзүнүн финансылык отчеттуулугун ФОЭС (IAS) 29га**

**ылайык кайра эсептебесе, тапшыруу валютасына кайра эсептөө үчүн ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун кайра эсептебей калган учурга карата өкүм сүргөн баалардын деңгээлине чейин кайра эсептелген суммаларды баштапкы нарк катары пайдаланууга тийиш**.

## Чет өлкөлүк бөлүмдүн ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды кайра эсептөө

44 Эгерде чет өлкөлүк бөлүмдүн натыйжалары жана финансылык абалы консолидациялоо жолу менен же үлүштүк катышуу методун колдонуу аркылуу ушул чет өлкөлүк бөлүмдү отчет берүүчү ишкананын финансылык отчеттуулугуна кошууга мүмкүн болушу үчүн тапшыруу валютасына кайра эсептелсе, 38 – 43-пункттарга кошумча түрдө 45 – 47-пункттар колдонулууга тийиш.

45 Чет өлкөлүк бөлүмдүн натыйжаларын жана финансылык абалын отчет берүүчү ишкананын натыйжалары жана финансылык абалы менен консолидациялоонун, анын ичинде туунду ишкананын ички топтук калдыктарын жана ички топтук операцияларын жоюунун демейки эрежелери боюнча болуп өтөт (*«Биректирилген финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10ду караңыз). Мында ички топтук акчалай активди же милдеттенмени (кыска мөөнөттүү же узак мөөнөттүү), бириктирилген финансылык отчеттуулуктагы валюталык өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын көрсөтпөй туруп, тиешелүү ички топтук милдеттенме же актив жагынан жоюуга болбойт. Бул акча беренеси бир валютаны башка валютага конвертирлөө милдеттенмесин карагандыгы жана валюталык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында отчет берүүчү ишкана кирешелерди ала алгандыгы же зыян тарткандыгы менен байланышкан. Ошентип, отчет берүүчү ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда ушундай курстук айырма андан ары да пайдада же зыянда таанылат же, эгерде курстук айырма 32-пунктта сыпатталган жагдайларда келип чыкса, чет өлкөлүк бөлүм чыгып калган учурга чейин башка жыйынды кирешенин курамына киргизилет.

46 Эгерде чет өлкөлүк бөлүмдүн финансылык отчеттуулугунун күнү отчет берүүчү ишкананын отчеттук күнүнөн айырмаланса, чет өлкөлүк ишкана көп учурда отчет берүүчү ишкананын отчеттук күнүнө карата кошумча финансылык отчеттуулукту даярдайт. Эгерде бул аткарылбаса, ФОЭС (IFRS) 10 айырма үч айдан ашпаган жана эки отчеттук күндүн ортосунда жүргүзүлгөн бардык олуттуу операцияларга оңдоп-түзөөлөр жасалган шартта отчеттуулуктун башка күнүн пайдаланууга уруксат берет. Мындай учурда чет өлкөлүк бөлүмдүн активдери менен милдеттенмелери ушундай чет өлкөлүк бөлүмдүн отчеттук мезгилинин аягына карата валюталардын алмашуу курсу боюнча кайра эсептелет. Отчет берүүчү ишкананын отчеттук күнүнө чейинки мезгил үчүн алмашуу курстарынын олуттуу өзгөрүүлөрү боюнча ФОЭС (IFRS) 10го ылайык оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлөт. Мындай ыкма ФОЭС (IAS) 28ге ылайык (2011-жылдагы түзөтүүлөрү менен) ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга карата үлүштүк катышуу методун пайдаланууда колдонулат.

47 Чет өлкөлүк бөлүмдү сатып алуу учурунда келип чыккан гудвилл, ошондой эле ушундай чет өлкөлүк бөлүмдү сатып алуунун натыйжасында келип чыккан активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркына карата адилет наркты кандайдыр-бир оңдоп-түзөөлөр чет өлкөлүк бөлүмдүн активдери жана милдеттенмелери катары каралат. Тиешелүү түрдө, алар чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасында көрсөтүлүүгө жана 39 и 42-пункттарга ылайык отчеттук күнгө карата курс боюнча кайра эсептелүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду

## Чет өлкөлүк бөлүмдүн чыгып калышы же жарым-жартылай чыгып калышы

**48 Чет өлкөлүк бөлүм чыгып калган учурда ушул чет өлкөлүк бөлүмгө тиешелүү болгон, капиталдын өзүнчө компоненти катары топтолгон жана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон сумма чыгып калуудан пайда же зыян таанылган учурда пайдага же зыянга капиталдын курамынан (классификациялоо учурундагы оңдоп-түзөө катары) кайра классификацияланууга тийиш («Финансылык отчеттуулукту берүү» ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) караңыз).**

48A Чет өлкөлүк бөлүмдө ишкананын толук үлүшү чыгып калышынан тышкары, төмөнкүдөй жарым-жартылай чыгып калуулар чыгып калуу катары эске алынат:

(a) жарым-жартылай чыгып калуу, ишкана жарым-жартылай чыгып калуудан кийин өзүнүн мурдагы туунду ишканасында контролдонбоочу үлүштү сактагандыгына же жоктугуна карабастан, чет өлкөлүк бөлүм курамына кирген туунду ишканага контролдукту жоготууну өзүнө камтыганда; жана

(b) биргелешкен ишкердиктеги үлүш жарым-жартылай чыгып калгандан же чет өлкөлүк бөлүм курамына кирген ассоциацияланган ишканадагы үлүш жарым-жартылай чыгып калгандан кийин калган үлүш чет өлкөлүк бөлүм курамына кирген финансылык актив болуп саналганда.

48B Чет өлкөлүк бөлүм курамына кирген туунду ишкана чыгып калганда, ушул чет өлкөлүк бөлүмгө таандык болгон, контолдонбоочу үлүшкө киргизилген курстук айырмалардын топтолгон суммасы жагынан таануу токтотулууга тийиш, бирок ал пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланууга тийиш эмес.

**48C Чет өлкөлүк бөлүм курамына кирген туунду ишкана жарым-жартылай чыгып калганда, ишкана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган курстук айырмалардын топтолгон суммасынын пропорционалдуу үлүшүн ушул чет өлкөлүк бөлүмдөгү контролдонбоочу үлүшкө кайра бөлүштүрүүгө тийиш. Чет өлкөлүк бөлүм жарым-жартылай чыгып калышынын ар кандай башка учурларында ишкана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган курстук айырмалардын топтолгон суммасынын пропорциионалдуу үлүшүн гана пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялоого тийиш.**

48D Чыгып калуулар катары эске алынуучу 48А-пунктта сыпатталган азаюу учурларын кошпогондо, чет өлкөлүк бөлүмдөгү ишкананын үлүшүнүн жарым-жартылай чыгып калуусу – бул чет өлкөлүк бөлүмгө ишкананын катышуусунун түздөн-түз үлүшүнүн ар кандай азаюусун билдирет.

49 Ишкана акционердик капиталды сатуу, жоюу, ордун толтуруу же ушундай ишкананын толугу менен же жарым-жартылай калтыруу аркылуу чет өлкөлүк бөлүмдөгү өзүнүн үлүшүнөн арыла алат. Чет өлкөлүк бөлүмдүн баланстык наркын эсептен чыгаруу, бул бөлүмдүн өзүнүн тарткан зыянынан улам же инвестор тарабынан таанылган нарктын түшүшүнөн улам болуп өткөнүнө же жоктугуна карабастан, жарым-жартылай чыгып калууну билдирбейт. Тиешелүү түрдө, башка жыйынды кирешенин курамында таанылган пайданын же зыяндын эч бир бөлүгү эсептен чыгаруу учуруна карата пайдага же зыянга кайра классификацияланбайт.

## Бардык курстук айырмалардын салыктык натыйжалары

50 Чет өлкөлүк валютадагы операциялардан башка пайдалар менен зыяндар жана ишкананын (анын ичинде чет өлкөлүк бөлүмдүн) ишинин жана финансылык абалынын натыйжаларын башка валютага кайра эсептегенде келип чыккан курстук айырмалар салыктык натыйжаларга ээ болушу мүмкүн. Мындай салыктык натыйжаларга карата *«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12 колдонулат.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**51 Топтор жагындагы маалыматтарды ачып көрсөтүү, 53 жана 55 – 57-пункттардагы колдонуудагы валютага шилтемелер башкы ишкананын колдонуудагы валютасына таандык.**

**52 Ишкана төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык инструменттер жагынан келип чыккандарды кошпогондо, пайданын же зыяндын курамында таанылган курстук айырмалардын суммасын; жана**

**(b) башка жыйынды кирешенин курамында таанылган жана капиталдын өзүнчө компоненти катары классификацияланган таза курстук айырмаларды, ошондой эле мезгилдин башталышына же аягына карата ушундай курстук айырмалардын суммаларын текшерип салыштырууну.**

**53 Эгерде тапшыруу валютасы колдонуудагы валютадан айырмаланса, бул фактыны көрсөтүү, ошондой эле колдонуудагы валюта жөнүндө жана тапшыруунун башка валютасын пайдалануунун себептери жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү зарыл.**

**54 Эгерде отчет берүүчү ишкана же болбосо отчет берүүчү ишкана үчүн олуттуу болуп саналган чет өлкөлүк бөлүм өзүнүн колдонуудагы валютасын алмаштырса, алмаштыруу фактысын жана анын себептерин ачып көрсөтүүсү зарыл.**

**55 Эгерде ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун анын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада көрсөтсө, ал өзүнүн финансылык отчеттуулугун ФОЭСтерге ылайык катары, эгерде колдонулуучу стандарттардын ар биринин жана ушул стандарттарга карата колдонулуучу ар бир Түшүндүрмөнүн, анын ичинде 39 жана 42-пункттарда баяндалган кайра эсептөө методунун бардык талаптары сакталса гана, мүнөздөй алат.**

56 Кээде ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун же башка финансылык маалыматты 55-пункттун талаптарын сактабастан, анын колдонуудагы валютасы болуп саналбаган валютада көрсөтөт. Мисалы, ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугунун айрым беренелерин гана башка валютага которо алат. Мындан тышкары, колдонуудагы валютасы гиперинфляциялык экономиканын валютасы болуп саналбаган ишкана бардык беренелерди акыркы отчеттук күнгө карата курс боюнча кайра эсептөө аркылуу финансылык отчеттуулукту башка валютага конвертирлеши мүмкүн. Ушундай конвертирлөө ФОЭСке ылайык келбейт жана маалыматты 57-пунктка ылайык ачып көрсөтүү талап кылынат.

57 **Эгерде өзүнүн финансылык отчеттуулугунда же башка финансылык маалыматында ишкана анын колдонуудагы валютасынан же тапшыруу валютасынан**

**айырмаланган валютаны колдонсо жана мында 55-пункттун талаптары аткарылбаса, ишкана төмөнкүдөй кылууга тийиш:**

**(a) маалыматты көмөкчү катары так белгилөөгө жана аны ФОЭСке ылайык келген маалыматтан ажыратууга;**

**(b) көмөкчү маалымат кандай валютада берилгенин көрсөтүүгө; жана**

**(c) ишкананын колдонуудагы валютасын жана көмөкчү маалыматты аныктоо үчүн пайдаланылган кайра эсептөө методун көрсөтүүгө.**

## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

58 Ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январына чейин башталуучу мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

58A 2005-жылдын декабрында чыгарылган *«Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялар»* толуктоосу (ФОЭС (IAS) 21ге толуктоо) жаңы 15А-пунктун кошот жана 33-пунктка өзгөртүү киргизет. Ишкана бул өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду 2006-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу отчеттук мезгилдер үчүн колдонууга тийиш.

59 Ишкана 47-пунктту ушул стандарт биринчи жолу колдонулган отчеттук финансылык мезгил башталгандан кийин жүзөгө ашырылган бардык сатып алууларга карата перспективдүү колдонот. 47-пунктту мурда жүзөгө ашырылган сатып алууларга карата ретроспективдүү колдонууга уруксат берилет. Перспективдүү эсепке алынуучу, бирок ушул стандартты алгачкы жолу колдонуу күнүнө чейин болуп өткөн чет өлкөлүк бөлүмдү сатып алуу учурунда ишкана өткөн жылдардын маалыматтарын кайра эсептөөгө тийиш эмес жана тиешелүү түрдө зарылчылык болгон учурда ушундай сатып алуунун натыйжасында келип чыккан гудвиллди жана адилет наркты оңдоп-түзөөлөрдү чет өлкөлүк бөлүмдүн активдери жана милдеттенмелери катары эмес, ишкананын өзүнүн активдери жана милдеттенмелери катары карай алат. Тиешелүү түрдө, гудвилл жана адилет наркты оңдоп-түзөөлөр ишкананын колдонуудагы валютасында көрсөтүлгөн же сатып алуу күнүнө карата валюталардын алмашуу курсун пайдалануу менен отчеттуулукта чагылдырылган чет өлкөлүк валютадагы акчалай эмес беренелер болуп саналат.

60 Ушул стандартты колдонуунун натыйжасы болуп калган бардык башка өзгөртүүлөр *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык эске алынууга тийиш.

60A ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) ФОЭСте колдонулуучу терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Мындан тышкары, ал 27, 30 - 33, 37, 39, 41, 45, 48 жана 52-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилге карата ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

60B ФОЭС (IAS) 27 (2008-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 48А - 48D-пункттарын кошумчалады жана 49-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата перспективдүү негизде колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 27ни (2008-

© ФОЭС Фонду

жылдагы түзөтүүлөрү менен) колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

60C [Алып салынган]

60D 60B-пунктуна 2010-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы тарабынан түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2010-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет.

60E [Алып салынган]

60F 60F. 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 10 жана *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11 3 (b), 8, 11, 18, 19, 33, 44 - 46 жана 48А-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 10ду жана ФОЭС (IFRS) 11ди колдонуу учурунда колдонууга тийиш.

60G 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 8-пункттагы адилет нарктын аныктамасына түзөтүүлөрдү, ошондой эле 23-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13тү колдонуу учурунда колдонууга тийиш.

60H 2011-жылдын июнунда чыгарылган *«Башка жыйынды кирешенин беренелерин көрсөтүү»* документи (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) 39-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 1ди 2011-жылдын июнунда киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен колдонуудагы редакциясында колдонууга тийиш.

60I [Алып салынган]

60J 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 3, 4, 5, 27 жана 52- пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди жана 60C, 60E жана 60I-пункттарды алып салды. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу учурунда колдонууга тийиш.

60K 2016-жылдын январында чыгарылган *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16 16-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонуп жаткан учурда колдонууга тийиш.

**Башка документтердин колдонулушун токтотуу**

61 Ушул стандарт *«Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири»* ФОЭС (IAS) 21ди (1993-жылы кайра каралган) алмаштырат.

62 62. Ушул стандарт төмөнкүдөй түшүндүрмөлөрдү алмаштырат:

(a) *«Чет өлкөлүк валюта – валютанын олуттуу девальвациясынын натыйжасындагы зыяндарды капиталдаштыруу»* ТТК (SIC) – 11;

(b) *«Отчеттуулук валютасы – ФОЭС (IAS) 21ге жана ФОЭС (IAS) 29га ылайык финансылык отчеттуулукту баалоо жана берүү»* ТТК (SIC) – 19; жана

(c) *«Отчеттуулук валютасы – баалоо валютасынан тапшыруу валютасына которуу»* ТТК (SIC) – 30.

© ФОЭС Фонду